**КРнын Шайлоо жана референдум өткорүү боюнча борбордук комиссиясынын төрайымы Н.К.Шайлдабековага,**
Дареги: Бишкек шаары, Раззаков №59

**Шор-Булак айылынын тургуну Ж.Ш.Абдразаковдон**
Жашаган дарегим: Балыкчы шаары, С.Каралаев көч, 50/33,(тел: 0704848822)

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № А-219
„04" 05 2021 ж/г

# АРЫЗ

Менин Сизге арыз менен кайрылуумдун себеби төмөндөгүдөй:

11.04.2021-жылы жергиликтүү Кеңештердин депутатыгына шайлоолор болуп өттү. Аталган шайлоодо Тоң районундагы “Улахол” айылдык Кеңешине Шор-Булак айылынан 4 талапкер (К.Мамбетова, Г.Садыкова, К.Жумабек уулу жана С.Бараканов) депутат болуп шайланышты. Тилекке каршы, аталган талапкерлердин ичинен **Канат Жумабек уулу** мыйзамсыз талапкер болуп катталган жана шайланган деп эсептейм. Анткени, Тоң райондук сотунун чечими (26.10.2020-ж, №ГД-286/20.И-6) менен мага Канат Жумабек уулунан **100000 сом** өлчөмүндө моралдык жана материалдык компенсация өндүрүлүп берилген. Бул чечим Ысык-Көл областтык сотунун аныктамасы (16.03.2021-ж, №АИ-05-88/21ГД) менен биздин (Ж.Асанбеков, К.Жумабек уулу, Ж.Абдразаков) арызга ылайык, 5миң сомго азайтылган. Тактап айтканда, К.Жумабек уулу (башкалар менен биригип) менин үстүмдөн **87 жолу** негизсиз, жалган, калп арыздарды жазып, мени каралаган (мени жегич, коррупционер, алдамчы катары көрсөткөн). Мен арагасыз аны (атасы менен) сотко берип, сот аны далидеп, чечим чыгарып берди. Аны ал областтык соттун Жарандык иштер боюнча коллегиясына жазган арызында (16.03.2021-ж) **мойнуна алган.**

Мына ушундай бирөөнү негизсиз каралаган, жасаган кылмышын мойнуна алган, ал үчүн компенсация төлөп жаткан адам кантип депутат болот, элдин көйгөйүн чечет, элдин өкүлү боло алат?

Мындан сырткары, К.Жумабек уулу бирөөнүн менчик жерине мыйзамсыз үй салып алганы, бирөөнүн жерин уруксаатсыз казып суу түтүк киргизип алганы, бирөөнүн мүлктөрүн уурдап сатып ийгени жана сот аткаруучулар тарабынан убактылуу сактап турууга берилген мүлктөрдү жоготуп жибергени боюнча **кылмыш иштери козголуп,** учурда Тоң РИИБнүн ТКда тергөө жүрүп жатканын билдирем (бул боюнча 1-2 күндө тиешелүү документтерди тиркеп, сиздерге кошумча арыз жиберем).

**Жогорудагылардан улам, “Улахол” айылдык Кеңешине** депутат **болуп шайланган Канат Жумабек уулун** депутат **катары каттабашыңызды жана ага мандат бербешиңизди сурайм.**

**Тиркеме:** Чечим, аныктама, арыздын көчүрмөлөрү (2 барак) тиркелет.

**Арыз ээси:** [signature] **Ж.Абдразаков.** 26.04.2021-ж.

Ысык-Көл облустук 10 –
сотунун жарандык иштер
боюнча коллегиясына

Арыз.

Биз Асанбеков Жумабек жана Жумабек уулу Канат доогер Ж.Ш. Абдразаков бизге карата келтирилген 100000 сом өлчөмүндө акчалай чыгымдарды жана материалдык өлчөмүндө чыгымдардын жана моралдык компенсация өндүрүп берүү жөнүндө доо арызы менен макулбуз.

2021 жылдын 1 июлуна чейин 5000 сом акчалай төлөп берүүгө милдеттенебиз.

Тоң райондук сотунун 2020 жылдын 26 октябр доо чечимин жокко чыгарып ишти кыскартып берүүнү сурайбыз.

Мен Абдразаков Жоргоолбай Шайхидинович, жоопкерлер Жумабек Асанбеков менен Жумабек уулу Канаттар өздөрүнүн күнөөлөрүн моюндарына алышып, мага 5 (беш) миң сом моралдык жана материалдык компенсация төлөп берүүгө макул болушкандыктан, мен аларга койгон 100 миң сом доодон баш тартып, алардан 5 (беш) миң сом гана алууга макулмун.

Өзүнө байланыштуу, Тоң райондук сотуна караба (26.10.2020-ж) берилген апелляциялык арызды карап, Тоң райондук сотунун 26.10.2020-жылдагы чечимин жокко чыгарып, ишти кыскартып берүүнү сурайм.

Бизге КР-нын Жарандык-процесстик кодекстин 175, 221 жана 332-беренелеринин талаптары түшүндүрүлдү.

2021-жылдын 16-марты

Жумабек уулу Канат Жуб [signature]

Асанбеков Жумабек [signature]

Абдразаков Жоргоолбай [signature]

ГД-286/20 И-6

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН
Ч Е Ч И М

26-октябрь 2020-жыл

Боконбаев айылы.

Ысык-Көл облусунун Тоң райондук соту курамында
төрагалык кылуучу Соодонбеков С.К.,
сот отурумдун катчысы Бекгурганов Ж.,
тараптар: доогер Абдразаков Ж.Ш.-тин, жоопкер Жумабек уулу Канаттын ишенимдүү окулу 26.08.2020-жылдагы ишеним кат боюнча Черикбаев Ж.М.-тин катышуусунда ачык соттук отурумда, доогер Абдразаков Жыргалбай Шайхидиновичтин жоопкерлер Асанбеков Жумабеке жана Жумабек уулу Канатка карата 1000 000 сом өлчөмүндө акчалай чыгымдарды жана моралдык компенсация өндүрүү жөнүндөгү доо арызы боюнча жарандык ишти карап, сот

ТАПТЫ:

Сотко доогер Абдразаков Ж.Ш. материалдык чыгым үчүн жана моралдык зыян үчүн Асанбеков Жумабектен 500 000 сом жана Жумабек уулу канаттан 500 000 сом өндүрүп берүүнү сурап доо арыз менен кайрылган. Арызында, жоопкерлер анын үстүнөн калган арыз жазышып, анын негизсиз жаманатты чыгандары, ар-намысына, беделине атайылап шек келтиргендери жана элдин алдында кадыр-баркын түшүрүп, уят кылгандыктары, ошондой эле ден-соолугуна зыян келтиришип, оорулуу абалга алып келишкендиктерин көрсөтүп, Асанбеков Жумабектен 500 000 сом жана Жумабек уулу Канаттан 500 000 сом өндүрүп берүүнү сураган.

Соттук отурумда доогер Абдразаков Ж. доо арызын жарым-жартылай колдоп, Асанбеков Жумабектен жана Жумабек уулу Канаттан биргеликте 100 000 сом өндүрүп берүүнү сурайт.

Соттук отурумда жоопкер Жумабек уулу Канаттын ишенимдүү окулу Черикбаев Ж.М. доо арызды толугу менен моюнуна албастан, доо арызды канааттандыруусуз калтырууну сурайт.

Жоопкер Асанбеков Жумабек сот отурумунун убактысы жана орду жөнүндө талаптагыдай кабардар болгон, бирок сотко белгисиз себептер менен келишкен жок. Алардын келбей калуунун себептери жөнүндө маалымат жок болгондуктан сот алардын келбей калышынын себебин жүйөөлүү эмес деп таап, КР ЖПК 169-ст. 4-п. ылайык, ишти карай берүүнү туура деп эсептейт.

Сот тараптарды угуп, иштин материалдарын изилдеп чыгып төмөндөгүлөрдүн негизинде доо арыз жарым-жартылай канааттандырылууга жатат деп эсептейт.

Ишке тиркелген материалдарга караганда жана соттук отурумда аныкталгандай, Асанбеков Жумабек жана Жумабек уулу Канат, Абдразаков Жыргалбайдын үстүнөн ар түрдүү органдарга негизсиз арыз жазышып, текшерүүнүн үстүнөн текшерүүлөр жүргүзүлгөнү. Текшерүүнүн жыйынтыгында эч кандай мыйзам бузуулар аныкталбаганы көрүнөт.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 9-ст. 1,4-п.п. талабына ылайык, 1. Граждандар жана юридикалык жактар тарабынан башка адамга зыян келтирүү ниетинде гана жүзөгө ашырылган аракеттерине, ошондой эле укукту кыянаттык менен башка түрдө пайдаланууга жол берилбейт. 4. Укукун кыянаттык менен пайдаланган адам кыянаттыктан жана чеккен адамдын абалын калыбына келтирүүгө ага келтирилген зыяндын ордун толтурууга милдеттүү.

КР ЖК-нин 11-ст. 10-п. талабына ылайык Граждандык укуктарды коргоо: моралдык зыянды компенсациялоо.

КР ЖК-нин 16-ст. талабына ылайык. Моралдык зыянды компенсациялоо. Эгерде жаранга анын жеке мүлктүк эмес укуктарын бузуучу же болбосо жаранга таандык болгон материалдык жана башка байлыктарга зыян келтирүүчү же болбосо жеке мүлктүк эмес укуктарын бузуучу аракеттер менен моралдык зыян (денесине зыян келтирүү же көңүлүн оорутуу) келтирилсе, ошондой эле мыйзамда каралган башка учурларда, сот укук бузуучуга аталган зыяндын ордун акчалай компенсациялоо милдетин жүктөй алат.

Жогоруудагылардын негизинде Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 198-202-ст.ст. жетекчиликке алып, сот

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

Абдразаков Жыргалбай Шайхидиновичтин доо арызы жарым-жартылай канааттандырылсын.

Моралдык жана материалдык зыян келтиргендиги үчүн Асанбеков Жумабектен жана Жумабек уулу Канаттан бирдикте Абдразаков Жыргалбай Шайхидиновичтин пайдасына 100 000 (жүз миң) сом өндүрүлсүн.

Асанбеков Жумабектен жана Жумабек уулу Канаттан бирдикте Абдразаков Жыргалбай Шайхидиновичтин пайдасына мамлекеттик алым үчүн төлөнгөн 3 200 (үч миң эки жүз) сом өндүрүлсүн.

Чечимге нааразы тарап 30 күндүк мөөнөттө Тоң райондук соту аркылуу Ысык-Көл областык сотуна даттанууга укуктуу.

Төрагалык кылган Соодонбеков С.К.

Кочурмосу туура.




